# Табышмактагы жооп



Автор: Азиза Тыналиева

Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Табышмактагы жооп

Автор: Азиза Тыналиева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Табышмактагы жооп" (кыргыз тилинде), автор Азиза Тыналиева, сүрөтчү Мунара Абдукахарова, которгон Талгат Деркембаев

*Разгадка в загадке*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Алыскы деңизде окунь балыктары үйүр-үйүр болуп жашашчу.

Алардын арасында ар дайым жакшылык кылууга аракет кылган Гектердин үй-бүлөсү да бар эле.

Алар тамагын башкалар менен бөлүшүп жеп, үйүнө чет өлкөлүк балыктарды кондурушчу. Алар деңиздеги суу алмашканда, кокусунан келип калышчу. Гектердин беш баласы бар эле.

Ошол эле жерде Баттстардын үй-бүлөсү да жашачу. Бул үй-бүлө азыкты алдоо жолу менен табышчу. Конокторду азгырып чакырып, аларды тоноп алышар эле. Анан калса, бечара кедей балыктарга эшигин ачышчу эмес.

Бир жолу Гектердин үйүндө бир нерсе жоголуп, таппай калышты.

Балдар короодо ойноп жатышканда апасы аларды кечки тамакка чакырды. Бардыгы дасторконго отурганда, бирөөсү жок экенин кичүү баласы Губ байкап калды.

– Марио кайда? – деп сурады ал эгиз эжелеринен.

– Ал адатынча эле курбусу Мииникинде болсо керек, – деп кыткылыктап күлүп калышты.

Атасы менен апасы улуу кызы Ташага Мариону кошунанын үйүнөн чакырып келүүсүн буюрду. Алар Таша жалгыз келгенде, таң калышты. Ал өңү бозоруп эле кирип келди.

– Бүгүн Марио Мияга барбаптыр, – деди Таша.

– Эмне? – деп апасынын тынчы кетти. Себеби баласы эч качан тамакка кечикчү эмес.

Атасы дароо Мариону издегени чыкты. Ал бардыгына үйдө калуусун буюрду. Гектердин апасы эшикти ичинен жаап алды.



Ал убакта кеч да кирип кетти. “Балким, Марио коралл аскаларына тыгылып калган чыгар. Себеби, ал аябай шашма жана олдоксон эмеспи” деп атасы эки жакты карап ойлонуп жатты. Бирок баласы эч жерден көрүнгөн жок. “Балам кайда кетти? Эмне болду?” деп атасы санааркады.

Баласы бир жаман окуяга туш болдубу деген ойдон атасынын ыйлагысы келди. Бир маалда кайдан-жайдан Рак сүзүп чыкты. Ал Гекке кычкачтарын сунуп учурашты.

Акылдуу Рак деңиз тереңинде көп жыл жашап, алдын-ала көрө билүү жөндөмүнө ээ эле.

– Гек, кайгырба. Балаң табылып калар. Көп кайгырба, андан көрө, Баттстардын үйүнө бар. Бирок эч качан алардан эч нерсе жөнүндө сурай көрбө, – деди ал Марионун атасын жооткотуп.

– Анан эмне кылам? – деп Гектин жаны кейиди.

– Жооптун өзү табышмакта катылган, – деди акылман Рак.



Гек Баттстардын үйүнө сүзүп келди. Аны баласы тууралуу жаман ойлор түйшүккө салып жатты.

Бир жагынан баласын жоготуп алуу коркунучу жүрөгүн эзип жатты. Экинчи жагынан жалаң гана көйгөй жараткан ушул чуулгандуу үй-бүлөгө  ачуусу аябай келди.

Бирок Гек акылман досунун “Өзүңө келип, Баттстардан эч нерсе жөнүндө сураба!” деген сөздөрүн эстеди.

Гек эшикти чертти. Анын алдында Баттстардын энеси пайда болду.

– Саламатсыңбы, Гек. Биздикине көптөн бери келбей калдың эле. Бир кезде биздин ажырашпай тургандай үй-бүлөлүк мамилебиз бар эле, – деди Баттстардын энеси.

– Туура, жакшы күндөрүбүз бирге өткөн экен. Мен ал кезди жылуу сезимдерим менен эстейм. Биз дагы деле достугубузду уланта бермекпиз. Эгер силер... – деп кууланып Гек сөзүн токтотту.

– Балаңды тапканга жардам беребиз, – деп Баттстардын атасы сөзгө аралашты.

– Баары туура. Бирок силер анын жоголгонун кайдан билесиңер? – деп шектене карады Гек.

– Ой, билебиз да! Анда биздин шартыбыз мындай: сен бизге бир сырды ачыктап бересиң, – деди.

– Кайсы сырды? Мен эч кандай сырды билбейм.

– Эгерде балаңды тапкың келсе, билген сырыңды бизге айтасың! – деди Баттстардын атасы.

– Макул, – деди Гек.



– Кана, биз силер жана башка коңшуларыбыз менен мамилебизди кантип ондойбуз? Ошону айтчы!

– Бул эми оңой эле иш. Жакшылыктар менен бөлүшүү керек. Жүрөгүңдө жакшылык кылуу сезими ойгонсо, сүйүү да ойгонот. Жүрөктө сүйүү болсо, баары жакшы болот.

– Өзүңдүн эле үй-бүлөңдү сүйүү керекпи же...?

– Бардык нерсени сүйсө болот. Күндү, биздин суубузду жылытып бергени үчүн сүйүш керек. Коңшулар менен досторду чогуу чай ичкенибиз үчүн жакшы көрүшүбүз керек. Убактың кеткен өз ишиңди сүйүшүң керек. Окууну, билим алганың үчүн жакшы көрүү керек. Себеби, билим биздин жашообузду жарык кылат. Ата-энелерибизди бизге өмүр тартуулаганы үчүн сүйүшүбүз керек.

– Сенин сөздөрүңөн кийин жүрөктөрүбүз негедир жылый түштү, – дешти Баттстар.

Алар Гекти экинчи кабатка ээрчитип жөнөштү.



Керебетте башы таңылган Марио жаткан экен. Ал уктап жатыптыр.

– Баламды эмне кылгансыңар? – деп Гек чочулай сурады.


– Биз ага эч нерсе кылган жокпуз. Аны курч аскалардын жанынан таап келдик. Кыязы, ал жерде катуу сүзүп ойноп жүргөн окшойт да. Ошентип бир аскага урунуп алган сыяктуу. Балаң өлүп калабы деп корктук. Аны тезинен үйгө алып келип, алгачкы жардам көрсөттүк.

Силерге чалгандан корктук.

Силер балаңарды биз уурдап кетип, жарадар кылып койду деп ойломоксуңар да. Биз Марио жакшы болуп кеткенче күтүп туралык деп ойлодук, – дешти.

Бул сөздөргө Гек жашып кетти. Чынында, Баттстардын бул аракети сыйга татыктуу эле.

– Силер жүрөгүңөрдө жакшылыкты сактап калыпсыңар. Ыракмат силерге, – деп Гек ыраазычылыгын билдирип, аларды кучактады. Ал тентек баласын алып, үйүн көздөй жөнөдү.





Гекке эшикти эгиз кыздар ачышты. Бардыгы Марионун жанына чогулушту.

Чай ичип жатканда, Марио өзүнүн окуясын, ага Баттстардын атасы кантип жардам бергенин айтып берди.

Көрсө, ошол күнү Марио майда балыктар менен кубалашмай ойноптур. Ал катуу сүзүп ойноптур. Бир маалда балыктардын үйүрү аскадан чукул бурула бергенде болгон күчү менен асканы сүзүп алган экен.

Балыктар сүзүп кетишиптир. Баттстардын атасы аны таап алганга чейин Марио ошол жерде жатып калыптыр.




Баттстардын үй-бүлөсү эми бардык кошуналар менен мамилесин жакшыртты. Алар талап-тоногонду, уурдаганын коюшту. Кошуналар менен жакшы мамиледе болуп, аларды баалап калышты.

Баттстарды эми бардыгы конокко чакыра башташты. Бирок алар Гектердикине көбүрөөк келишчү болду.

Эми эки үй-бүлө ынтымактуу жашап калышты. Алардын достугу күндөн-күнгө бекемделе берди.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Азиза Тыналиева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли